# Кемин–Балыкчы байланыштыруучу линия

**Долбоордун номери:** 55367

**Статусу: Бекитилген**

**Жайгашкан жери:**

Кыргыз Республикасы

**Сектор**

Энергетика

**Мамлекеттик/жеке сектор**

Мамлекеттик

**Экологиялык категория**

A

**Бекитилген күнү**

2025-жылдын 19-ноябры

**Долбоордун кыскача документинин (ДКД) англис тилинде жарыяланган күнү**

2025-жылдын 9-сентябрда

**Долбоордун кыскача баяндамасы**

Кыргыз Республикасына 61,7 миллион еврого мамлекеттик кепилдик менен кредит берүү аркылуу анын каражаттарынын эсебинен андан ары "Кыргызстан улуттук электр тармагы" ачык акционердик коомуна («КУЭТ» ААК) i) Ысык-Көл облусундагы Балыкчы шаарынын сыртындагы жаңы көмөкчордонду (Балакчы көмөкчордону) куруу; ii) Чүй облусундагы Кемин көмөкчордону менен жаңы Балыкчы көмөкчордонун туташтырган 500 кВ аба электр берүү линиясынын курулушун каржылоо максатында насыя берүүнү камсыз кылуу.

**Долбоордун максаттары**

Долбоордун негизги максаты – үчүрда болжол менен 500 МВт пландаштырылган кайра жаралуучу энергия кубаттуулугун улуттук электр системасына туташтырууну колдоо. Долбоор ошондой эле өткөрүү тармагынын электр менен камсыздоонун ишенимдүүлүгүн, натыйжалуулугун, туруктуулугун, сапатын жана коопсуздугун олуттуу түрдө жакшыртат.

**Өткөөл процесстин таасири**

Божомолдуу өткөөл таасирнин упайы: 62

Жашыл. Долбоор ЕРӨБдүн Жашыл экономикага өтүү ыкмасына (Green Economy Transition ) шайкеш келет жана климаттын өзгөрүүсүнүн кесепеттерин жумшартуу артыкчылыктары менен коштолот; ошондой эле, кайра жаралуучу энергия булактарынын пландалган кубаттуулуктарын тармакка кошууга шарт түзүү менен бирге, долбоорду ишке ашыруу электр энергиясынын жоготууларын жана парник газдарынын чыгышын азайтууга өбөлгө болот.

Жашоо жөндөмдүүлүгү. Долбоор ошондой эле энергия жоготууларын азайтуу жана тармактын

башка бөлүктөрүнө түшкөн жүктөмдү азайтуу аркылуу Ысык-Көл облусунун электр тармагынын жана электр берүү системасынын натыйжалуулугун жана климаттын өзгөрүшүнө туруктуулугун жогорулатат..

**Кардар тууралуу маалымат**

Мамлекет: Кыргыз Республикасы

Зайымчы– Кыргыз Республикасы

Долбоордун субъектиси КУЭТ — электр энергиясын берүү жана бөлүштүрүү системаларынын оператору, Кыргыз Республикасында 10 000 кмден ашык 110кВ жана андан жогору электр берүү линияларына, ошондой эле 500, 220 же 110 кВ негизги чыңалуудагы 190дон ашык көмөкчордондорго ээлик кылат жана иштетет. КУЭТтин акцияларынын 99,32% мамлекетке таандык (50,39% Кыргыз Республикасынын Энергетика министрлигине жана 48,93% Кыргыз Республикасынын Каржы министрлигине). Калган 0,68% акциялар миноритардык акционерлерге таандык.

**ЕРӨБдүн каржылоосу боюнча кыскача маалымат**

62 миллион евро

**Долбоордун жалпы наркы :**

65 миллион евро **Кошумча**

**артыкчылыктар (пайдалар)**

- **Каржылоо схемасы.** ЕРӨБ Кыргыз Республикасындагы коммерциялык банктар тарабынан берилбеген шарттарда узак мөөнөттүү каржылоону камсыз кылуу менен маанилүү кошумча ролду ойнойт.
- **Стандарттарды белгилөө – кардарларга долбоорлорду ишке ашырууда жана жогорку стандарттарга жетүүдө жардам берүү**. Учурда ЕРӨБ долбоорлорду ишке ашырууга колдоо көрсөтөт, бул кардарлардын эл аралык сатып алуу стандарттарын колдонулушун камсыз кылып, КУЭТтин сатып алуу жөндөмдүүлүгүн чыңдоодого багытталган.

**Экологиялык жана социалдык корутунду**

Долбоор ЕРӨБдүн 2019-жылга карата Экологиялык жана социальдык саясатына (ЭСС) ылайык, А категориясына киргизилген. Бул жогорку чыңалуудагы аба аркылуу өтүүчү электр берүү линиясынын (ЛЭП) узун аралыкка созулуп, Рамсар конвенциясынын карамагындагы аймак аркылуу өтүшү менен байланышкан.Мындан улам биоартүрдүүлүккө коркунучтар жаралышы мүмкүн, ири көлөмдөгү курулуш иштерин жүргүзүү талап кылынат, ошондой эле эмгек мамилелерине, социалдык чөйрөгө таасир этүү жана жер тилкелерин алуу менен байланышкан кесепеттер күтүлөт

Аба электр линиянын курулушу долбоордун экологиялык жана социалдык таасирлерин (ЭСТБ) толук масштабдуу баалоону талап кылат, бул ЕРӨБдүн учурдагы долбоорду ишке ашыруу талаптарына ылайык жүргүзүлөт. Долбоор ошондой эле улуттук деңгээлдеги экологиялык жана социалдык таасирлерин баалоодон (ЭСТБ) жана тиешелүү уруксаттарды алуудан өтөт.

Долбоордун экологиялык жана социалдык комплекстүү баалоосун жүргүзүү жана ЭСТБ документтеринин пакетин даярдоо максаты менен атайын көз карандысыз консультант дайындалды. ЭСТБ документтери ЕРӨБдүн талаптарына ылайык ачыкка чыгаруу үчүн даярдалып, 2025-жылдын 22-июлунан тартып 120 күндүк консультациялык мөөнөттү камтыйт. Алар ЕРӨБдүн жана КУЭТтин веб-сайттарында жарыяланган.

ЭСТБ даярдоонун алкагында тиешелүү био-ар түрдүүлүктү баалоого, анын ичинде 2024-жылдын

жазгы жана күзгү көчүү мезгилдериндеги канаттуулардын абалын изилдөөгө багытталды, эмгек миграциясы маселеси, маданий мурастар боюнча тынчсыздануулар, жер ресурстарына тийгизилген таасирлер, гендердик зомбулук тобокелдиктерине өзгөчө маани берилип, долбоорго байланыштуу топтолгон таасирлер жана кызыкдар тараптар менен консультациялар өткөрүлдү. Жер участкаларын алуу же көчүрүүнү минималдаштыруу максатында маршрут тандап алууга дагы өзгөчө көңүл бурулду. ЭСТБнын алкагында эко-социалдык башкаруу жана мониторинг планы иштелип чыкты. ЭСТБнын жыйынтыктардын негизинде, Экологиялык жана Социалдык Иш Планы түзүлүп, долбоордун өзгөчөлүктөрү тууралуу маалымат таратылды, анын ичинде техникалык эмес долбоордун кыскача баяндамасы, Кызыкдар тараптар менен иштешүү планы  жана жерди алуу жана кайра жайгаштыруу боюнча алкактык документ даярдалды.

**Жашыл баалоо**

**Париж келишиминин максаттарына шайкештик**

Долбоор ЕРӨБдүн түздөн-түз каржылоолору үчүн колдонулуучу Париж келишимине ылайыктык ыкмасынын негизинде Париж келишиминин эмиссияларды азайтуу жана адаптациялоо максаттарына шайкеш келет деп аныкталды.

Долбоор Париж келишиминин эмиссияларды азайтуу максаттарына шайкеш, анткени, ал Көп тараптуу өнүктүрүү банктарынын (КТӨБ) биргелешкен шайкеш тизмесинде «Электр энергиясын өткөрүү жана таратуу, анын ичинде энергияганын жеткиликтүүлүү, энергияны сактоо жана суроо-талапты башкаруу» категориясына кирет.

Долбоор Париж келишиминин адаптация максаттарына шайкеш келет, анткени ал КТӨБ адаптация баалоосунун үч баскычын камтыйт. Көзөмөл учурунда өтө ысык, суу ташкындары жана жер көчкүлөр сыяктуу олуттуу климаттык тобокелдиктердин мүмкүнчүлүгү аныкталды. Бул тобокелдиктер комплекстүү изилдөө учурунда бааланып, долбоордун дизайнына тиешелүү туруктуулукту камсыздоочу чаралары киргизилди. Жалпысынан алганда, долбоор иштеп жаткан системанын климаттык туруктуулугуна зыянын тийгизбейт.

**«Жашыл каржылоо» катары классификациялоо**

ЕРӨБдүн каржылоосунун 100пайызы «жашыл каржылоо» катары классификацияланган , анткени, ал климаттын өзгөрүүсүнүн жумшартуу жана климатка ыңгайлашуу максаттарына жетүүгө багытталган иш-чараларды колдойт.. Бул классификация ЕРӨБдүн инвестициялар "жашыл каржылоо" үлүшүн  аныктоо методологиясына ылайык, атап айтканда, GET көрсөтмөлөрүнө кирген Кайра жаралуучу энергия секторуна суроо-талапты кыскартуу жобосунда камтылган атайын көрсөтмөлөргө ылайык жүргүзүлөт: "Эгерде берүү же бөлүштүрүү системасы өтө аз көмүртек изи бар ядролук эмес электр энергиясын буруугa же анын керектөөсүн азайтууга багытталган же талап кылынган болсо, анда мындай инвестицияларды каржылоо толук негиздүү болушу керек.

**Техникалык кызматташуу жана гранттык каржылоо**

Долбоордун техникалык кызматташтык компоненти (ТК) алкагында төмөнкү тапшырмалар аткарылууда:

- ЕРӨБдүн Экологиялык жана социалдык саясатына жана тиешелүү эл аралык талаптарга шайкештигин камсыз кылуу үчүн атайын консультант тарабынан орнитологиялык баалоо жүргүзүлөт. Бул тапшырманы аткарууга жалпы бюджет 66 000 еврону түзөт, ал ЕРӨБдүн Акционерлердин атайын фондунан (SSF) каржыланат.

- Экологиялык жана социалдык таасирди баалоо. Жогорку чыңалуудагы электр линия жана трансформатордук подстанция курулушуна байланыштуу долбоор ЕРӨБдүн 2019-жылкы Экологиялык жана социалдык саясатынын А категориясына киргендиктен, каржылоонун негизги шарты – долбоордун толук кандуу экологиялык жана социалдык таасирин

баалоочу документтерди даярдоо. Бул тапшырмага бөлүнгөн жалпы бюджет 209 844 еврону түзөт, ал ЕРӨБдүн Акционерлердин атайын фондунан (SSF) каржыланат.

- Техникалык-экономикалык негиздеме. Анын максаты – долбоор тууралуу толук кандуу талдоону жүргүзүү, ошондой эле долбоорду Банк жана башка мүмкүн болгон каржы мекемелери анын каржылоосу боюнча чечим кабыл ала турган деңгээлге даярдоо үчүн изилдөөнү жүргүзүү. Бул тапшырмага бөлүнгөн жалпы бюджет 280 000 еврону түзөт жана ал ЕРӨБдүн Акционерлеринин атайын фондунан (SSF) каржыланат.
- Долбоорду ишке ашырууга колдоо көрсөтүү, анын ичинде i) иштер үчүн деталдуу долбоорлоо жана курулуш документтерин даярдоо; ii) долбоор үчүн товарларды, иштерди жана кызматтарды сатып алууда жардам көрсөтүү, анын ичинде тендердик документтерди даярдоо, сунуштарды баалоо жана келишимдерди түзүү; iii) келишимди жана иштерди көзөмөлдөө боюнча жардам көрсөтүү (бул функциялар келишимдин аткарылышын көзөмөлдөө үчүн жалданган инженерге жүктөлөт); iv) экологиялык жана социалдык чараларды ишке ашырууга, мониторингге жана көзөмөлдөөгө колдоо көрсөтүү, ошондой эле каржылоо документтерине байланыштуу талаптарга ылайык болуу жана отчет берүү милдеттеринде жардам көрсөтүү. Жалпы бюджет 3 000 000 еврого чейин бааланып, ал аралык донор же ЕРӨБдүн Акционерлеринин атайын фонду (SSF) тарабынан каржыланат.

**Компания менен байланыш үчүн маалымат**

Бекбоо Ниязов
1piunegk@gmail.com
+996 312 670 319
Кыргыз Республикасы, 720070, Бишкек, Жибек-Жолу көчөсү, 326, КУЭТ

**Долбоордун кыскача документтеринин акыркы жаңыртылган күнү**

2026-жылдын 15-январы

**Өткөөл процесс боюнча түшүндүрмө**

ЕРӨБдүн өткөөл мезгилге таасир этүүгө карата мамилеси жөнүндө толук маалыматты бул жерден таба аласыздар

**Ишкердик мүмкүнчүлүктөрү**

Ишкердик мүмкүнчүлүктөрү жана сатып алуулар боюнча кардар компания менен байланышыңыздар. ЕРӨБ менен ишкердик мүмкүнчүлүктөрү (сатып алууларга байланышпаган) боюнча төмөндөгү жолдор менен байланышыңыздар:

Тел: +44 20 7338 7168
электрондук почта: **projectenquiries@ebrd.com**

Коомдук сектордук долбоорлор:  ЕРӨБ **сатып алуулар бөлүмүнө** кайрылыңыз:

Тел.: +44 20 7338 6794
Электрондук почта: **procurement@ebrd.com**

**Жалпы суроолор**

Конкреттүү суроо- талаптарды

**ЕРӨБ суроо-талап формасы ар**кылуу жөнөтсө болот.

**Экологиялык жана социалдык саясат (ESP)**
ЭССде жана Ишке ашыруу талаптарында (ИАТ) ЕРӨБ «экологиялык жактан негизделген жана туруктуу өнүктүрүүгө» көмөктөшүү боюнча өзүнүн милдеттемелерин кандайча аткаргандыгы тууралуу баяндалган. ЭСС менен ИАТ кардарлардын коомдук маалымат жана консультациялар тууралуу улуттук мыйзамдардын талаптарын сактоосу жөнүндө конкреттүү жоболорду, кызыкдар тараптардын, анын ичинде экологиялык көйгөйлөр, кардарлардын жана долбоордун социалдык натыйжалуулугу боюнча тынчыздануулары менен арыздарын алуу жана аларды чечүүнү жеңилдетүү үчүн даттанууларды кароо механизмдерин түзүүнү өзүнүн ичине камтыйт. Экологиялык жана социалдык тобокелчиликтердин мүнөзү жана масштабына жана долбоордун таасир этүүлөрүнө жараша, ЕРӨБ өзүнүн кардарларынан зарыл болгон учурларда долбоорлорду жүзөгө ашыруунун жыйынтыгында келип чыга турган тобокелчиликтер менен таасирлер же кызыкдар тараптар менен маңыздуу консультацияларды жүргүзүү, ошондой эле Кайтарым байланышты кароо жана ага реакция кылуу жөнүндө маалыматтарды ачыктоону кошумча талап кылат. Бул жагдай тууралуу ЕРӨБдүн тажрыйбасы жөнүндө тагыраак маалыматтар ЭССде баяндалган.

**Бүтүндүк жана шайкештик**

ЕРӨБдүн Шайкештик боюнча башкы кызматкеринин кеңсеси (ШБКК) Банктын баардык ишмердүүлүгүнө, мыкты эл аралык тажрыйбаларга ылайык, талаптагыдай башкарууга көмөктөшөт жана акниеттүүлүктүн эң мыкты стандарттарын колдонууну камсыз кылат. Акниеттүүлүк боюнча комплекстүү текшерүү долбоорлордун банк үчүн акниеттүүлүк менен репутациянын кабыл алынгыс тобокелчиликтерин сунуштабашын камсыздоо үчүн жүргүзүлөт. Банк долбоорду баалоону бекитүү баскычында көйгөйлөрдү аныктоону жана чечүүнү банктык операциялардын бүтүндүгүн камсыздоонун натыйжалуу каражаты деп эсептейт. ШБКК мындай коргоочу аракеттерде маанилүү ролду ойнойт, ошондой эле инвестиция кылгандан кийин долбоорлордогу бүтүндүүлүк тобокелчиликтерин көзөмөлдөөдө жардам берет.

ШБКК ошондой эле ЕРӨБ тарабынан каржыланган долбоорлордогу алдамчылык, коррупция жана мыйзамсыз аракеттер жөнүндө билдирүүлөрдү иликтөөгө жооп берет. Банк ичиндеги, ошондой эле банк сыртындагы алдамчылыкка же коррупцияга шектенген адам compliance@ebrd.com электрондук дареги аркылуу көзөмөлдөө боюнча башкы кызматкерге жазуу жүзүндө кабар бериши керек. Жиберилген баардык материалдар кийинки кадамдарды көрүү үчүн ШБККда каралат. Баардык билдирүүлөр, анын ичинде анонимдүү берилгендери да, каралат. Билдирүүлөр банк колдонгон же анын ишмердүүлүгү жүргүзүлгөн өлкөлөрдүн каалаган тилдеринде түзүлүшү мүмкүн. Берилген маалыматтар ишенимдүү болушу зарыл.

**Маалыматтын жеткиликтүүлүгү жөнүндө саясат**

Маалыматтын жеткиликтүүлүгү жөнүндө саясат МЖС 2025-жылдын 1-январынан тарта күчүнө киргенден кийин, ЕРӨБдүн маалыматты кантип ачыктаарын жана өзүнүн стратегияларынан, саясаттарынан жана операцияларынан кабардар болуусу менен аларды түшүнүүсүн жогорулатуу максатында кызыкдар тараптар менен кантип кеңешээрин аныктайт. ЕРӨБдүн веб-сайтында кандай маалымат бар экенин билүү үчүн Маалыматтын жеткиликтүүлүгү жөнүндө саясат бетине кириңиз. Маалымат алууга конкреттүү суроо-талаптарды ЕРӨБдүн суроо-талаптар формасы менен жөнөтүүгө болот.

**Долбоорлор боюнча көзкарандысыз отчеттуулук механизми (ДКОМ)**

Эгер Кардар же Банк менен экологиялык, коомдук же социалдык көйгөйлөрдү чечүү боюнча аракеттер ийгиликтүү болбосо (маселен, Кардардын долбоор деңгээлиндеги даттануулярды кароо механизми аркылуу же Банк жетекчилиги менен түз сүйлөшүү аркылуу), жеке жактар жана уюмдар аларды тынчсыздандыргын маселелерди Долбоорлор боюнча көз карандысыз отчеттуулук механизми (ДКОМ) аркылуу чечүүнү тандашы мүмкүн.

ДКОМ долбоордун зыян келтирген (же зыян келтириши мүмкүн) деп эсептелген маселелерин өз алдынча карайт. Бул Механизмдин максаты - экологиялык, социалдык жана коомго маалыматты ачыктоо көйгөйлөрүн чечүүдө кызыкдар тараптардын ортосундагы диалогду колдоо; банк өзүнүн экологиялык жана социалдык саясаты менен маалыматтын жеткиликтүүлүгү жөнүндө саясатынын долбоорго тиешелүү болгон жоболорун сактап же сактабай жатканын аныктоо; жана тиешелүү учурларда, бул саясаттардын сакталбаган жагдайларын четтетүү, ошол эле маалда келечекте Банктын бул саясаттардан четтөөсүнүн алдын алуу болуп саналат.

Долбоорлор боюнча Көзкарандысыз Отчеттуулук Механизминин веб-баракчасына кирип, ДКОМ жана анын мандаты жөнүндө; карап чыгуу үчүн Арыз берүү жолдору; же ДКОМ жана арыз берүү жолдору жөнүндө кошумча түшүндүрмө жана маалымат алуу үчүн ДКОМ менен ipam@ebrd.com электрондук дареги аркылуу байланышуу тууралуу көбүрөөк биле аласыз.

Бул документ долбоордун өнүгүүсүнүн алгачкы этаптарында, ЕРӨБ Директорлордун Кеңеши тарабынан каралуудан мурун даярдалган. Долбоордун мазмуну жарыялангандан (ачыкка чыгарылгандан) кийин өзгөрүшү мүмкүн.

Долбоордун кыскача маалымдамаларында демилгечилер тарабынан даярдалган документтердин көчүрмөлөрү камтылганына карабастан, ЕРӨБ аларды эч кандай пикирсиз таратат жана аларды колдойт дегенди билдирбейт. Мындай документтердеги пикирлер же билдирүүлөр сөзсүз ЕРӨБдүн көз карашын же пикирин.

Акыркы жолу 2025-жылдын 19-августунда жаңыртылган.